«БЕКИТЕМИН»
И. Арабаев атындагы КМУнун
ректору, проф. А. Т. Абдраева
____________________
«____» ____________ 2023-ж.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин**
**М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун**

# ЖОБОСУ

Бишкек – 2023-ж.

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Аталган Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) Уставына ылайык иштелип чыкты.
1.2. Аталган Жобо М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтун (мындан ары – Институт) түзүү, кайра түзүү, жоюу тартибин, негизги максатын, милдеттерин, ишмердигинин багытын, түзүлүшүн, башкаруу органдарын, ишмердигинин каржы-экономикалык негиздерин регламенттештирет.
1.3. Институт Университеттин ректорунун буйругу менен Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде түзүлөт.
1.4. Институт Университеттин юридикалык жак статусуна ээ эмес түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет жана М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институту толук аталышына ээ.
1.5. Институттун толук аталышы:

Кыргыз тилинде – И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин М. Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институту;

Орус тилинде – Институт допольнительного профессионального образования им. М.Р. Рахимовой Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева;

Англис тилинде – M.R. Rakhimova Institute of Supplementary Professional Education of I. Arabaev Kyrgyz State University under I. Arabaev Kyrgyz State University.

Институттун кыскартылган аталышы – ИДПО им. М.Р. Рахимовой

Кыргыз тилинде – И. Арабаев атындагы КМУнун М.Р. Рахимова ат. ККББИ;

Орус тилинде – ИДПО им. М.Р. Рахимовой КГУ им. И. Арабаева;

Англис тилинде - M.R. Rakhimova ISPE KSU I. Arabaev.

1.6. Институт жайгашкан жер: 720026, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Биринчи май району, Эркиндик көч., 38, №1 окуу корпусу.
1.7. Институттун ишмердиги административдик-кызматтык ишмердик маселелерин жекече чечүүнү жана кызматкерлерге жүктөлгөн кызматтык милдеттерин тийиштүү аткарылышы үчүн жеке жоопкерчиликти талкуулоодо коллегиялуулукту айкалыштыруунун негизинде жүргүзүлөт.
1.8. Институт символикасына жана башка индивидуалдаштыруучу каражаттарга, ошондой эле Университетке тиешелүүлүгүн, өзүнүн аталышын көрсөткөн мөөргө ээ, ал Университеттин иш кагаздар жана көзөмөл бөлүмүндө каттоого алынат жана иштөөсү үчүн зарыл болгон бланкалары, башка атрибутикасы бар.
1.9. Университет, белгиленген тартипте, имаратты жана аталган Жободо, Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечими жана ректордун буйруктары менен аныкталган милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон башка мүлктү институтка бекитип берет.

## 2. ИНСТИТУТТУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Институт Университеттин окуу-илимий түзүмдүк болуп эсептелет жана рыноктук экономика шартында жогорку жана ЖОЖдон кийинки билим берүүдө билим берүүчү кесиптик программаларды жүзөгө ашырат.
2.2. Өзүнүн уюштуруучулук-укуктук формасы боюнча Институт мамлекеттик билим берүүчү мекеме болуп эсептелет.
2.3. Институт өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасындагы жогорку кесиптик билим берүүдө билим берүү мекемелеринин ишмердигин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актыларга ылайык ишке ашырат.
2.4. Институттун башкы милдеттери:

- Инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүсүндө

муктаждыктарды канааттандыруу;

- коомдун жогорку билимдүү квалификациялуу адистерге жана жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык кадрларга болгон муктаждыгын канааттандыруу;

- фундаменталдуу, издөө жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү, ар кыл маданиятты, тилдерди, элдердин тарыхый жана улуттук каада-салттарын сактоого, өнүктүрүүгө жана өз ара байытууга көмөк көрсөтүү;

- калк арасында билимдерди жайылтуу, анын жалпы билим берүүчүлүк жана маданий денгээлин жогорулатуу, анын ичинде басма ишмердиги аркылуу да.

### 3. Институттун функциясы

3.1. Жогорку билим базасында билим берүү программаларын, Институттун ишмердигинин профилдерине туура келүүчү адистерди даярдоо багыты боюнча, Институт тарабынан ишке ашырылуучу билим берүү программалары жаатында билим берүү программаларын иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана өнүктүрүү.

3.2. Жогорку билим берүү жана орто-адистик билим берүү базасында жогорку квалификациялуу адистерди кайра даярдоо.

3.3. Чет өлкөлүк жарандарды даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандарын кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик үлгүдөгү билими тууралуу документтерди берүү менен чет өлкөлүк жарандар жана чет өлкөлүк ЖОЖдор менен түздөн-түз түзүлгөн келишимдер боюнча башка өлкөлөрдөгү илимий-педагогикалык кадрлардын иши.

3.4. Илимий-педагогикалык кызматкерлердин жана Университеттин окуучуларынын катышуусу менен илимий изилдөөлөрдү жана иштеп чыгууларды жүргүзүү.

3.5. Долбоорлук, анын ичинде, илимий-изилдөөчүлүк, илимий-техникалык, инновациялык, эксперттик-аналитикалык, маалыматтык ж.б. ишмердикти жүзөгө ашыруу.

3.6. Илимий иш-чараларды: конференцияларды, семинарларды, кереге отурумдарды жана башка уюштуруу.

3.7. Институттун профилине туура келүүчү чыгармачыл ишмердиктин ар кандай түрлөрүн уюштуруу.

3.8. Студенттер жана башка окуу бөлүмдөрүнүн угуучулары үчүн кызматкерлер тарабынан ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын окуу-усулдук коштолуусу.

3.9. Институттун жүргүзүлүүчү билим берүүчүлүк, анын ичинде, кирүүчү жана чыгуучу академиялык мобилдүүлүгүн камтуучу илимий-изилдөөчүлүк ишмердигинин алкагындагы эл аралык ишмердик.

3.10. Институттун ишмердигинин профилдери боюнча жүргүзүлүүчү басма ишмердик.

3.11. Институттун окуу жана илимий ишмердигин камсыздоо үчүн зарыл болгон жогорку квалификациялуу кадрларды тартуу.

3.12. Институттун кызматкерлерине кесиптик билим берүүнү, кесиптик кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну уюштуруу.

3.13. Институттун билим берүүчү программаларына жана илимий-изилдөөчүлүк, долбоорлук, чыгармачыл жамааттарына абитуриенттерди, студенттерди, магистранттарды жана угуучуларды тартуу үчүн кесипке багыттоочу, жарнамалык, агартуучу ишмердиги.

3.14. Студенттерге, магистранттарга, аспиранттарга жана угуучуларга карата окуу-тарбиялык ишмердик.

3.15. Студенттерге жана Институттун кызматкерлерине социалдык жардам берүүнү уюштуруу, студенттердин аудиториядан тышкаркы ишмердигин колдоого алуу.

3.16. Институттун кызматкерлеринин академиялык жана этикалык нормаларды аткаруусун көзөмөлдөө.

3.17. Институттун ишмердигинин сандык параметрлери максаттык көрсөткүчтөрү менен аныкталат, алардын курамы жана мааниси ишмердикти пландаштыруу жана Институттун Өнүктүрүү программасына жана башка документтерге ылайык өнүктүрүү процессинде

аныкталат.

## 4. ИШМЕРДИКТИ УЮШТУРУУ ЖАНА ИНСТИТУТТУ БАШКАРУУ

4.1. Институтту башкаруу КР мыйзамдык актыларына, Университеттин Уставына жана аталган Жобого, Университеттин башка жергиликтүү укуктук актыларына ылайык, жеке жана коллегиалдуу принциптерди айкалыштыруунун негизинде ишке ашырылат.
4.2. Институттун окуу, илимий, чарбалык же дагы башка ишмердиктерине алар тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулганда мамлекеттик башкаруу органдарынын кийлигишүүсүнө жол берилет.
4.3. Институттун башкаруу органдарына төмөнкүлөр кирет:

- Институттун директору, Институттун директорунун орун басары;
- Университеттин Уставына, аталган Жобого жана Университеттин башка локалдык укуктук актыларына ылайык түзүлгөн Институттун Окумуштуулар Кеңеши.

4.4. Институттун Окумуштуулар кеңешинин курамына Институттун директору, директордун орун басары, кафедра, борбордун башчылары жана профессордук-окутуучулар курамынын өкүлдөрү кирет.
4.5. Институттун Окумуштуулар кеңешине шайлануучу мүчөлөрдүн саны Институттун илимий жана педагогикалык кызматкерлеринин жана окуучулардын жалпы жыйынында аныкталат.
4.6. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы (айымы) болуп Институттун директору эсептелет.
4.7. Институттун Окумуштуулар кеңешин калыптандыруу тартиби, мөөнөтү жана ыйгарым укуктары Университеттин Окумуштуулар кеңешинде бекитилген Институттун Окумуштуулар кеңеши жөнүндө Жобосу менен аныкталат.
4.8. Институттун Окумуштуулар кеңеши өз курамынан окумуштуулар кеңешинин катчысын дайындайт.
4.9. Институттун Окумуштуулар кеңешинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөп кирет:

- Институттун, кафедралардын жана анын башка бөлүмдөрүнүн келечек өнүгүүсүн аныктоо;
- Институттун адистерди даярдоону уюштуруу жана жакшыртуу боюнча ишмердигиндеги негизги маселелерди жана актуалдуу көйгөйлөрдү карап чыгуу жана чечим кабыл алуу;
- билим берүүчү жана илимий-изилдөөчүлүк ишмердигин жакшыртуу жана өнүктүрүү боюнча Институттун түзүмдүк бөлүктөрүнүн сунуштарын жана сунуштамаларын карап чыгуу жана иштеп чыгуу;
- Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан берилген ыйгарым укуктун алкагында башка маселелерди карап чыгуу.

4.10. Өз компетенциясынын чегинде жана аталган Жобого ылайык Институттун ишмердигине түздөн-түз Институттун директору жетекчилик кылат.
4.11. Институттун директору Университеттин Ректору тарабынан тийиштүү профилдеги илимий даражага ээ адистердин арасынан 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.
4.12. Директордун компетенциялары:

- өзүнүн компетенциясынын чегинде Институттун мүлкүн тескейт;
- Институттун бардык кызматкерлери жана окуучулары аткаруусу үчүн милдетүү болгон көрсөтмөлөрдү берет;
- кафедра башчыларынын жана башка бөлүмдөрдүн жетекчилеринин функционалдык милдеттерин бекитет;
- белгиленген тартипте Институттун кызматкерлерин сыйлыкка көрсөтүү маселесин чечет;
- Институттун бардык түзүмдүк бөлүктөрүнүн ишмердиги жеке же түздөн-түз жетекчилер же дайындалган комиссиялар аркылуу текшерүүнү ишке ашырат;
- Университеттин Окумуштуулар кеңешине кафедра жамаатынын, түзүмдүк

бөлүктөрдүн өтүнүч катынын негизинде же талапкердин өз демилгеси менен университеттин ардактуу наамын жана даражаларын алууга көрсөтөт.

- Институттун Окумуштуулар кеңешинин ишин жетектеп, анын чечимдеринин аткарылышын камсыздайт;

- Университеттин курамдык бөлүмдөр, кызматтык көрсөтмөлөр жана башка ченемдик актылар жөнүндө жобосуна ылайык Институттун ички эмгек тартибинин эрежелеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;

- Университеттин ректору менен макулдашуулар боюнча киреше жана чыгымдардын сметасын, окуу аксынын сметасын жана башка төлөм кызматтарын карайт жана бекитет;

- эмгек акысынын формасын жана өлчөмүн көрсөтөт, макулдашылган штаттык жүгүртмөнүн алкагында кадр маселесин чечет;

- Кыргыз Республикасынын күчүдөгү мыйзамдарына, Университеттин Уставына жана аталган Жобого каршы келбеген башка укуктарды ишке ашырат.

4.13. Институттун штаттык жүгүртмөсүндө институттун ишмердигинин белгилүү багыттары боюнча директордун орун басарынын кызматы каралышы мүмкүн.

4.14. Институттун директорунун орун басарлары Институттун директоруна түздөн-түз баш иет. Директордун орун басары кызматка Институттун директорунун көрсөтүүсү боюнча ректордун буйругу менен дайындалат (5 жылга). Директордун орун басары кызматтык көрсөтмөлөргө ылайык аракеттенет жана директор жок болгон кезде анын тапшырмасы менен Институттун директорунун милдеттерин аткарат. Институттун директорунун орун басары болуп илимдин кандидаты же доктору илимий даражасына ээ Институттун профессордук-окутуучулар курамынан талапкер дайындалышы мүмкүн. Кээ учурда директордун орун басары кызматына ректордун чечими менен илимий даражасы жана наамы жок адам дайындалышы мүмкүн.

4.15. Институттун директору жана анын орун басарлары институттун дирекциясын түзөт.

4.16. Институттун директору Институттун билим берүүчүлүк, илимий ишмердигинин жыйынтыктары үчүн жеке жоопкерчиликти алат.

## 5. ИНСТИТУТТУН ТҮЗҮЛҮШҮ

5.1. Институттун түзүлүшү студенттердин контингенти, окуу, илимий, усулдук жана тарбиялык иштердин мүнөзү жана көлөмү менен аныкталат.

5.2. Институттун курамына кирүүчү бөлүмдөрдүн түзүлүшү жана штаттык жүгүртмөсү Университеттин ректору тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

5.3. Институттун негизги окуу түзүлүштүк бөлүмдөрү болуп кафедралар эсептелет. Кафедра багыттар жана окуу дисциплиналары боюнча студенттер менен иштери жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо боюнча институттун билим берүүчү, усулдук, илимий-изилдөөчүлүк иштерди жүзөгө ашыруучу билим берүүчү түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

5.4. Кафедраны кафедра башчысы жетектейт. Кафедра башчысы окуу, окуу-усулдук милдеттерди жана илимий процессти аткаруу боюнча кафедранын ишин уюштурат.

5.5. Кафедра башчысы кызматы шайлануучу болуп эсептелет. Кафедра башчысы конкурстук негизде Университеттин Окумуштуулар кеңешинде илимий даражага ээ тийиштүү профилдеги жана квалификациядагы адистердин ичинен шайланат (жашыруун добуш берүүү менен) жана ректордун буйругу менен 5 жылдык мөөнөткө дайындалат.

5.6. Окуу жана окуу-илимий түзүмдүк бөлүмдөр Университеттин ректорунун буйругу менен Институттун коллегиялык башкаруу органынын пикирин милдеттүү кароо менен Университеттин Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде түзүлөт, кайра уюштурулат жана жоюлат.

5.7. Институттун түзүмдүк бөлүмдөрү Университеттин ректору тарабынан бекитилген жоболордун негизинде иш алып барат. Окуу жана окуу-илимий түзүмдүк бөлүмдөр Университеттин Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган жана Университеттин ректору

тарабынан бекитилген жоболордун негизинде иш алып барат.

5.8. Институттун директорунун жана анын орун басарларынын, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин жана институттун кызматкерлерине коюлуучу квалификациялык талаптар, алардын функционалдык милдеттери, укуктары жана жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Университеттин ректору тарабынан бекитилген Университеттин Уставы, Университеттин башка локалдык укуктук актылары менен аныкталат.

5.9. Институттун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери алар башкарган бөлүмдүн ишмердиги үчүн жеке жоопкерчиликти алып жүрөт.

## 6. ИНСТИТУТТУН ЭЛ АРАЛЫК ИШМЕРДИГИ

6.1. Институт эл аралык кызматташууну, окутуучулардын жана илимий кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү максатында билим берүү, илим жана маданият жаатында эл аралык ишмердигин жүргүзөт.

6.2. Эл аралык ишмердик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, мамлекеттер аралык макулдашууларга жана келишимдерге (контракттар), чет өлкөлүк жогорку билим берүүнү башкаруунун борбордук мамлекеттик органы ортосундагы макулдашууларга, ошондой эле алдыңкы ЖОЖдор, эл аралык жана чет өлкөлүк фирмалар, уюмдар жана жеке адамдар менен түздөн-түз келишимдерге (контракттарга) ылайык жүргүзүлөт.

6.3. Эл аралык ишмердикти камсыздоо үчүн Институт төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- КР мыйзамдарында жана Университеттин локалдык укуктук актыларына белгиленген тартипте чет өлкөлүк жарандарга жогорку жана кошумча билим берүү программалары боюнча билим берүү кызматтарын көрсөтүү;
- Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү ишмердигин жүргүзүү, студенттер жана педагогикалык кызматкерлер менен эки тараптуу алмашуу программаларын, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде жалпы билим берүү программаларын иштеп чыгуу;
- чет өлкөлүк илимий жана башка уюмдар менен биргелешкен илимий-изилдөөчүлүк иштерди келишимдик башталышта аткаруу, ошондой эле биргелешкен окуу-усулдук ишмердикти жүзөгө ашыруу;
- кесиптик билим берүүнү жакшыртуучу эл аралык программаларга катышуу;
- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен илимий конференцияларды, симпозиумдарды, семинарларды жана башка иш-чараларды өткөрүү.

## 7. ИНСТИТУТТУ КАЙРА ТҮЗҮҮ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ, ЖОБОГО ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ ЖАНА ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ

7.1. Институтту кайра түзүү жана жоюу тууралуу чечим Институттун окумуштуулар кеңешинин пикирин милдеттүү түрдө карап чыгуу менен Университеттин окумуштуулар кеңешинде кабыл алынат.

7.2. Аталган Жобо Университеттин Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынат жана Университеттин ректору тарабынан бекитилет.

7.3. Жобо аталган Жобонун 8.2-п. каралган тартипте өзгөртүлүшү же толукталышы мүмкүн. Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү демилгесин көтөрүүгө ректор жана/же Окумуштуулар кеңеши, институттун директору укуктуу.

## 8. ИНСТИТУТТУН УНИВЕРСИТЕТ МЕНЕН КАРЫМ-КАТЫШЫ

8.1. Институт өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткарууга байланыштуу маселелер боюнча Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен карым-катышат.

8.2. Аталган жобо Университеттин Уставында жана окумуштуулар кеңеши тууралуу Жобосунда каралган тартипте Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде бекитилет, толукталат жана өзгөртүлөт.